Жобо ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралып, бекитүүгө сунушталгаи. Протокол № _7_ , "__4__" __апрель_, 2018-жыл.

«БЕКИТЕМИН»
ЖАМУнун ректору, профессор,
________________ К.Ж.Усенов
"__4__" __04__________ 2018-ж.

# Дисциплинанын силлабусу жөнүндөгү жобо

(ЖАМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2018-жылдын 21-декабрындагы № 4 жыйынында кайра талкууланып, өзгөртүүлөр киргизилген)

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин "Дисциплинанын силлабусу жөнүндөгү жобосу" (мындан ары - Жобо) мамлекеттик билим берүү стандартынын, базалык жана жумушчу окуу планынын, билим берүүнүн логикалык моделинин негизинде түзүлүп, дисциплинанын жумушчу программасын, баяндалып жазылышын, анын максатын жана милдеттерин, кыскача мазмунун, ар бир сабактын темасын жана окутуу узактыгын, өз алдынча иштөө боюнча тапшырмаларды, консультациялар убактысын, окутуучунун талаптарын, баалоо критерийлерин, учурдагы жана аралык текшерүүнүн (модулдун) жадыбалын жана адабияттар тизмесин өзүнө камтыйт.

1.2. Дисциплинанын силлабусу жөнүндөгү жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамы, "КР жогорку жана орто кесиптик билим берүү мекемелеринин иш жүргүзүүсүн жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды бекитүү жөнүндөгү" токтомунун, ЖАМУнун Уставынын негизинде иштелип чыкты.

## 2. Силлабусту түзүүнүн негизги максаты:

- окутуучу менен студенттин ортосундагы кызматташтыкты, байланышты, ишмердүүлүктү аныктоочу документ катары ар бир дисциплина боюнча кредиттик технологиянын талаптарына ылайыктап түзүү;
- тиешелүү курсту окуп-үйрөнүүдө студенттер жетүүчү башкы натыйжанын кыска жана айкын туюндурулушу;
- жалпы профессор-окутуучулардын окуу программалары боюнча учурдагы талапка ылайык окутуу программаларын системалаштыруу жана окутуп-үйрөтүү багытын аныктоо;
- студенттер өтүлүүчү курска тиешелүү болгон маалыматтар менен ырааттуу тааныш болуусу жана анын актуалдуулугун, саясатын түшүнүп, өзгөчө машыгууларга, көндүмдөргө ээ болуусу.

## 3. Силлабуска коюлуучу негизги талаптар:

- силлабустун бардык студенттерге жеткиликтүү болушу;
- дисциплина боюнча түзүлгөн жумушчу программага ылайык силлабустун көлөмү 5-6 беттен ашпаган кыска жана так болушу;
- силлабус окутуучунун кесипкөйлүгүнүн, билим деңгээлинин, чыгармачылыгынын көрсөткүчү катары кызмат кылышы.

## 4. Силлабустун түзүлүшү жана түшүндүрмөлөр:

**4.1. Титулдук барак.** Титулдук бaрактын 1-бетинде министирликтин, окуу жайдын толук аталышы (университет, факультет, кафедра) дисциплинанын аталышы, коду, даярдоо багыты (адистиги), профили, окутуунун нормативдик мөөнөтү, өздөштүрүү семестри, кредиттик сааттын көлөмү (окуу планынан алынат), дисциплинаны өздөштүрүү жана текшерүүнүн формалары, тиешелүү бөлүм тарабынан бекитилгендиги боюнча белги толук камтылат (тиркеме №1).

Мындан сырткары титулдук баракта силлабусту түзгөн окутуучунун аты-жөнү, окутуучу менен байланышуучу маалыматтар (байланыш телефондору, электрондук дареги), ээлеген кызматы, факультети, кафедрасы, силлабустун кафедранын жыйынында каралгандыгы жөнүндөгү протоколдун номери коюлат.

**4.2. Киришүү**. Бул бөлүктө дисциплинаны окутуунун максаты жана милдеттери, студенттер ээ болуучу компетенциялар, күтүлүүчү натыйжалар чагылдырылат.

**4.3. Дисциплинанын мазмуну, максаты жана милдеттери**

*Курстун баяндалышы* - мында курстун актуалдуулугу, практикалык мааниси, илимдеги жана окуу планындагы орду, өздоштүрүүдөгү жакындаштырылган предметтер жөнүндөгү маалыматтар берилет.

*Дисциплинаны окутуунун максаты*: дисциплинаны окутуунун максаты типтүү программага ылайык аныкталат. Бул – ушул курсту окуп-үйрөнүүдө студенттер жетүүчү башкы натыйжанын окуу жайдын миссиясына ылайык кыска жана айкын туюндурулушу.

*Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн милдеттери*: курсту окуп-үйрөнүүнүн милдеттери адистикке карата конкреттештирилип, студенттер кандай негиздүү билгичтиктерге жана көнүмдөргө ээ болуусу тууралуу коюлган максаттардан улам аныкталат.

**4.4. Күтүлүүчү натыйжа**

Курсту өздөштүргөнгө чейинки студенттердин ушул дисциплина боюнча болгон базалык билимдеринин түшүнүктөрүнүн негизинде дисциплинаны окуп-үйрөнүү менен студенттер кандай билимдерге, көндүмдөргө ээ болушу керек жана билим берүү стандартындагы кандай компетенцияларга, турмушта кандай тажрыйбага ээ боло тургандыгы аныкталат. Адис катары кандай психологиялык, социалдык көндүмдөргө ээ боло тургандыгы толук жазылышы шарт.

## 5. Дисциплинанын кыскача мазмуну

**5.1.** Окуу планынын негизинде курстун көлөмү жана иштин түрлөрү төмөнкүдөй тартипте пландаштырылат:

| № | Жалпы иштер | Бардык сааты | Семестр |
|---|---|---|---|
| | Жалпы: | | |
| 1 | Аудиториялык: | | |
| | - лекциялык | | |
| | - практикалык (семинардык) | | |
| | - лабораториялык | | |
| 2 | Студенттин өз алдынча иштери | | |

**5.2. Курстун бөлүмдөр боюнча сааттык бөлүштүрүлүшү.**

| № | Бөлүмдүн аттары | Бардык саат | Аудиториялык саат | Лекциялык саат | Жумага бөлүнүшү | Практикалык саат | Жумага бөлүнүшү | Өз алдынча аткара турган иштер | Жумага бөлүнүшү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | |
| | Жалпы сааты: | | | | | | | | |

**6. Студенттерге берилүүчү өз алдынча иштердин аткаруу формалары**

Силлабустун бул бөлүгү студенттерге берилүүчү тапшырмалардын жана студенттердин өз алдынча иштөө түрлөрүнүн тизмегин жана мазмунун, аларды уюштуруу боюнча сунуштарды камтууга тийиш.

Өз алдынча иштин графиги, көлөмү, аны аткарууга кеткен убакытты жана анын формаларын көзөмөлдөөнүн тартибин аныктоо жана баалоо маселеси окутуучуга жүктөлөт.

Өз алдынча иштерди уюштуруу боюнча айрым иш-аракеттерди сунуштайбыз:

1. Темаларды окуу материалынын көлөмүнө анын маанилүүлүгүнө жараша берүү;
2. Өз алдынча иштин формалары окутуучу тарабынан аныкталып аны аткаруунун тартиби сунушталат;
3. Өз алдынча ишти кабыл алуунун убактысы окутуучу тарабынан аныкталып кафедра башчысына сунушталат. Кафедра башчысы бекитилген жадыбал боюнча иштин аткарылышын көзөмөлгө алат;
4. Окутуучунун түздөн-түз катышуусу менен аткарылуучу өз алдынча иштер атайын бөлүп көрсөтүлөт;

**7. Окутуп-үйрөтүүдө колдонулуучу усулдар**.

Студенттерге лекция, практикалык, лабораториялык сабактарды өтүүдө колдонулуучу дидактикалык усулдар жана алардын формалары жазылат.

**8. Техникалык жактан камсыздоо.**

Сабак кайсы жерде өткөрүлө тургандыгын, компьютердик жана стандарттык программаларга орнотулушу, интернетке туташтырылышы, интерактивдик доскалардын болушу жөнүндө маалыматтар берилет.

**9.Курстун саясаты**.

Ар бир окутуучу студенттерге коюлуучу талаптарды өзү аныктап көрсөтөт. Студенттин сабакка катышуусундагы эрежелер, окутуучулардын студенттер менен болгон мамилеси, окуу процессин аткарууда студенттердин милдеттери силлабуста атайын пункт менен ЖАМУнун ички тартип эрежелерине ылайык көрсөтүлөт. Мисалы:

- Лекциялык сабакка сөзсүз түрдө катышуу;
- Практикалык (лабораториялык) сабактагы активдүүлүгү;

•Сабакка даярданып келүүсү;
•ӨА иштерди белгиленген убакытта тапшыруусу;

**Сабакка киргизилбейт:**

•Кечигип келгенде же чыгып кетсе;
•Уюлдук телефон менен байланышса;
•Плагиат (бирөөнүн эмгегинен көчүрүү);
•Өз учурунда тапшырмаларды аткарбаса.

**10. Колдонулуучу адабияттар**

Колдонулуучу адабияттар эки бөлүм менен тизмеленет: негизги жана кошумча. Негизги адабияттар 4-5 китептен ашпайт, окутулуучу дисциплинага түздөн-түз байланыштуу болушу жана ар бир студентке жетиштүү жагы эске алынат.

Кошумча адабияттардын тизмесин сунуштоодо интернет булактарын, илимий басылмаларды, көркөм адабияттарды, сайттын дарегин, электрондук китептерди сунуштаса да болот.

**11.Студенттердин билимин баалоо.**

Студенттердин билимин баалоо "ЖАМУнун студенттерин учурдагы текшерүү жана орто аралык аттестацияны жүргүзүү жонүндөгү жобосунун", "ЖАМУнун студенттеринин билимин компьютердик тестирлөө аркылуу текшерүү жөнүндогү жобосунун" жана "Студенттердин билимин текшерүүнүн модулдук-рейтингдик системасы жөнүндө Жобонун", "Студенттердин учурдагы жетишүүсүн жана аралык аттестациясын текшерүүдө баалоо каражаттарынын фондун түзүүнүн тартибинин" негизинде жүргүзүлөт. Мындан сырткары ар бир окутуучу студенттин төмөндөгүдой иш-аракеттерин жана ишмердүүлүкторүн баалоосу сунушталат:

- ар бир сабакка катышуусу;
- активдүүлүгү;
- өз алдынча аткарылган иштери;
- жеке жана тайпалык иштери (илимий-иштер, ийрим, коомдук иштер).

**Катышууга балл берүүдө** студенттин лекциялык, практикалык, лабораториялык сабактарга катышуу тартиби эсепке алынат.

**Студенттин сабактагы активдүүлүгүн баалоодо** бир эле сабакта тапшырмаларды аткаруу, коюлган суроолорго жооп берүү деп түшүнүү бир жактуу болуп саналат. Ар бир сабакта компетенциялардын калыптануу деңгээлин аныктоо зарыл. Мисалы; студенттин командада иштей билүүсү, уюштуруучулугу, лидерлик сапаты, өзүнө-өзү ишенүүчүлүгү, ойду уга билүүсү, өз оюн билдире алуусу (социалдык компетенция), өз билимин өркүндөтүү, изденүү, чыгармачылык менен иштөө, проблемаларды чече билүү (интеллектуалдык компетенция) ж.б.

**Өз алдынча ишти баалоодо** бекитилген жадыбал боюнча студенттин өз алдынча ишин убагында тапшыруусуна жана аткаруу сапатына балл берилет.

Жекече жана тайпалык иштерди баалоодо студенттин илимий (илимий макала жазуу, олимпиадага катышуу, баяндама даярдоо, ийримдерге катышуу) жана коомдук иштерди аткаруусуна карата балл берилет.

Жогорудагы талаптар боюнча коюлган баллдарга текшерүүнүн жыйынтыгы менен модул чыгарылып, жыйынтыктоочу сынактын баасы коюлат. Жалпы максималдык баллдын көлөмү 100 баллдык система менен аныкталат.

**12. Текшерүү үчүн суроолор.**

Студенттердин билимин текшерүү үчүн суроолор дисциплинанын мазмунуна ылайык түзүлүүсү керек. Окутуучу тарабынан баалоо каражаттарынын фондун силлабуска атайын бөлуп көрсөтүүсү шарт.

**13.Студенттердин курсту баалоо формасы.**

Студенттердин кайтарым байланышын түзүү курсту окутуунун сапаттуулугун арттырууда чоң мааниге ээ. Окутуучу силлабустун акыркы бетине анкета же жазуу формасындагы студенттин сунушун иштеп чыгып, студенттердин курс боюнча алган билимдери жөнүндө маалыматтарды алып, окутууну жакшыртуу мүмкүнчүлүктөрүн издесе болот.

Долбоорду даярдагандар:
Алибаев А.П.
Токоева Г.С.
Айтикеев Н.Ж.
Баймырзаева Б.М.

ЖАМУнун юристи А.Акматова

Тиркеме 1

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги
Жалал-Абад мамлекеттик университети

**“МАКУЛДАШЫЛДЫ”**
**Кесиитик билим берүүчү кафедра**

_______________________
“____»_____________20__г.

**“БЕКИТЕМИН”**
**ЖАМУнун билим берүүнүн сапаты бөлүмүнүн башчысы**

_______________________
«____»_____________20__г.

# СИЛЛАБУС

_______________________________________________
(окуу дисциплинасынын аталышы)

**Негизги билим берүү программасынын даражасы** ____________________
(бакалавриат, специалитет)

**Даярдоо багыты/ адистиги**____________________
(багыттын (адистиктин) толук аталашы, номуру, деңгээли)

**Профили** ____________________
(Кесиптик билим берүү программасындагы профилинин (адистигинин) аталышы)

**Окутуунун формасы** ____________________
(күндүзгү, сырттан)

**Факультет** ____________________
(факультеттин толук жана кыркатылган аталышы)

**Кафедра** ____________________
(кафедранын толук жана кыркартылган аталышы)

**Дисциплинанын статусу** ____________________
*(базалык, вариативдик, факультативдик, тандоо боюнча)*

**Окуу планы боюнча жалпы сааты:** __________ **саат. Анын ичинде:**

- **лекциялык** __________
- **семинардык** __________
- **практикалык** __________
- **лабораториялык** __________
- **өз алдынча иштер** __________

**модулдун саны:** ______________
**Сынак** __________ **өтүм** __________ **Курстук иштер** __________
(семестр) (семестр) (семестр)

Силлабус ______________________________________________
______________________________________________ багыты (адистиги) боюнча жогорку (орто) кесиптик билим берүүчү мамлекеттик стандарттын (ЖКББ МС) талаптарына ылайык түзүлдү.

Иштеп чыккан ______________ ______________ ______________
(кызматы, кафедрасы) (кол тамга) (Аты-жөнү)

**Окутуучу жөнүндо маалымат:**
**Моб. телефон:**
**Электрондук дареги:**
**Сабак өтүүчү күндору, убактысы:**

Силлабус кафедранын жыйынында жактырылды,
протокол №___ «___»________ 20_____г.

______________ ______________
( кафедра баш. кол тамгасы) (кафеда баш. аты-жөнү)